**УДК 37.13(03)**

# ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИНИН ОКУУЧУЛАРДЫН “КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ” ЖАЛПЫ ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ОРДУ

**Арынбаев Эралы Калилович**
ORCID: 0000-0002-1477-4504
п.и.к., доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Ош шаары, Кыргыз Республикасы, E-mail: era000@bk.ru

**Аннотация.** Бүгүнкү коомду санариптик трансформациялоонун заманбап шарттарында окуучулардын жалпы жарандык иденттүүлүктөрүн калыптандырууда маалыматтык - коммуникациялык технологиялардын орду чоң. Этностор аралык ынтымакты чыңдоо жана жарандык аң-сезимди тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ болгон Кыргызстанда информатика предмети окуучуларда санариптик сабаттуулукту, критикалык ой жүгүртүүнү жана социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүүнүн натыйжалуу куралы боло алат. Изилдөө мектеп окуучуларынын «Кыргыз жараны» жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда информатиканын ролун талдоо максатын көздөйт. Макалада билим берүү стандарттарында жана программаларында чагылдырылган жарандык иденттүүлүктүн теориялык аспектилери, ошондой эле социалдык жана этникалык тегине карабастан бардык окуучулар үчүн жеткиликтүү бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүү үчүн санариптик билим берүү ресурстарын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралат. Өзгөчө басым окуучулардын коомго таандык сезимин күчөтүүгө жардам берүүчү практикалык ыкмаларга жасалат.

**Ачкыч сөздөр:** информатика, Кыргыз жараны, жарандык иденттүүлүк, санариптик сабаттуулук, билим берүү, санариптик технологиялар, этностор аралык ынтымак, критикалык ой жүгүртүү, билим берүү стандарттары.

# РОЛЬ ПРЕДМЕТА ИНФОРМАТИКА В ФОРМИРОВАНИИ ОБЩЕГРАЖДАНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ УЧАЩИХСЯ КАК «КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ»

**Арынбаев Эралы Калилович**
ORCID: 0000-0002-1477-4504
кандидат педагогических наук, доцент
Ошский государственный педагогический университет
Город Ош, Кыргызская Республика, E-mail: era000@bk.ru

**Аннотация.** В современных условиях цифровой трансформации общества информационно-коммуникационные технологии играют значительную роль в формировании общегражданской идентичности обучающихся. В Кыргызстане, где особое значение придается укреплению межнационального согласия и воспитанию гражданственности, предмет «Информатика» может стать эффективным инструментом развития цифровой грамотности, критического мышления и социальной ответственности учащихся. Целью исследования является анализ роли информатики в формировании общегражданской идентичности школьников как «гражданина Кыргызстана». В статье рассматриваются теоретические аспекты гражданской идентичности, отраженные в образовательных стандартах и программах, а также возможности использования цифровых образовательных ресурсов для создания единого информационного пространства, доступного всем обучающимся, независимо от их социальной и этнической принадлежности. Особое внимание уделяется практическим методам, которые помогают учащимся укрепить чувство общности.

**Ключевые слова:** информатика, гражданин Кыргызстана, гражданская идентичность, цифровая грамотность, образование, цифровые технологии, межнациональное согласие, критическое мышление, образовательные стандарты.

# THE ROLE OF THE SUBJECT OF COMPUTER SCIENCE IN THE FORMATION OF THE GENERAL CIVIC IDENTITY OF STUDENTS AS "KYRGYZ ZHARYNY"

**Arynbaev Eral Kalilovich**
ORCID: 0000-0002-1477-4504
Candidate of Pedagogical Sciences
Osh State Pedagogical University
Osh city, Kyrgyz Republic, E-mail: era000@bk.ru

**Abstract.** In the modern conditions of digital transformation of society, information and communication technologies play a significant role in the formation of the civic identity of students. In Kyrgyzstan, where special attention is paid to strengthening interethnic harmony and civic education, the subject "Computer Science" can become an effective tool for developing digital literacy, critical thinking and social responsibility of students. The aim of the study is to analyze the role of computer science in the formation of the civic identity of schoolchildren as a "citizen of Kyrgyzstan". The article considers the theoretical aspects of civic identity reflected in educational standards and programs, as well as the possibilities of using digital educational resources to create a single information space accessible to all students, regardless of their social and ethnic background. Particular attention is paid to practical methods that help students strengthen their sense of community.

**Keywords:** computer science, citizen of Kyrgyzstan, civic identity, digital literacy, education, digital technologies, interethnic harmony, critical thinking, educational standards.

**Теманын актуалдуулугу**. Баарыбызга белгилүү болгондой бүгүнкү ааламдашып жаткан дүйнөдө окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууда маалыматтык – коммуникациялык технологиялар негизги ролду ойноп калды. Ал эми азыркы көп улутуу өлкөбүздө улут аралык ынтымакты чыңдоо жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу зарыл болуп турган Кыргызстандын шартында информатика предмети окуучулардын санариптик сабаттуулугун, критикалык ой жүгүртүүсүн, коом алдындагы жоопкерчилигин өнүктүрүүнүн күчтүү куралы боло алат. Анткени информатика предмети окуучуларды бир эле маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен иштөөнү үйрөтпөстөн, маалыматтарды анализдөө менен санариптик дүйнөдө иштөө жана өзүнүн коомдогу ордун түшүнүү компетенттүүлүгүн өнүктүрөт. Окуучулар интернеттеги санариптик билим берүү ресурстарын пайдалануу аркылуу башка окуучулар менен байланыш түзүп, өз ара кызматташат, Кыргызстандын жараны катары өзүн тааныйт.

Ошондой эле информатиканы изилдөө Кыргызстандын түрдүү аймактарынын санариптик ажырымын аныктоо менен аны жоюуга жардам берип, интернеттеги санариптик билим берүү ресурстарында жайгашкан билим берүү багытындагы маалыматтарга бирдей жеткиликтүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Ал эми бул өз кезегинде ар бир жарандын улутуна, карманган динине, тилине, физикалык, психологиялык жеке өзгөчөлүктөрүнө, социалдык абалына карабастан бирдиктүү билим берүү ресурстарына жетүүгө жана инклюзивдик коомдун калыптанышына шарт жаратат. Мындан тышкары билим берүү мекемелеринде информатика предметин окутуу менен “Туруктуу өнүгүү максаттарын” айрым милдеттерин ишке ашырууга болот[6].

**Изилдөө методдору.** Окуучуларда «Кыргыз жараны» жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда информатика предметинин ролун изилдөөдө жарандык иденттүүлүккө жана информатиканын билим берүү процессиндеги ролуна байланыштуу педагогикалык, психологиялык жана социологиялык илимий адабияттарды талдоо, иденттүүлүктүн билим берүүдөгү стандарттардагы, окуу пландарындагы жана санариптик билим берүү ресурстарындагы абалын изилдөө. Жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда информатика предметинин эл аралык жана Ата Мекендик тажрыйбаларын анализдөө.

**Негизги бөлүк.** Кыргыз Республикасынын 2022-жылда бекитилген жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын мектептик жалпы билим берүү системасынын негизги компетенттүүлүктөрүндө өзүн-өзү таануу жөндөмдүүлүгү башкача

айтканда окуучуларды өзүн “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу белгиленген[1]. Демек метептик жалпы билим берүүчү мектептерде окуучуларга предметтик билимдерди бергенден тышкары алардын “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууну да кошо ишке ашыруусу керек. Албетте, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу жөнөкөй, бир – эки предметтерди окутуу менен темаларга бөлүп алып окута турган “предметтик материал” эмес. Ал бир топ узак убакытты талап кылган татаал процесс болуп, предметтик билим берүү, маданий иш-чаралар, социалдык акциялар жана саясий процесстерден турган бир бүтүн системалуу аракеттерди талап кылат.

Жалпы билим берүүчү мектептерде октулуучу предметтердин ичинен “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүгүн калптандыруу негизинен адам жана коом предметинде ишке ашырылат. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн адам жана коом предмети боюнча предметтик стандартта “Адам жана коом предметинин милдеттери окуучуларда инсандык иденттүүлүктү, анын ичинде “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн, коомдо кабыл алынган нормалардын негизинде башка адамдар, жамааттар жана мамлекет менен өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу болуп саналат”[2] деп белгиленет.

Иденттүүлүк - бул адамдын ким экендигин аныктоочу жеке өзгөчөлүктөргө жараша мүнөздөмөлөрүнүн, баалуулуктарынын ишенимдеринин жана өзүн-өзү таануунун жыйындысы[4]. Демек адам өзүн коомдун бир мүчөсү катары сезиши үчүн анын иденттүүлүгү калыптанып, өзүнүн ким экенин жана кайсы коомго таандык экендигин аңдап билүүсү керек. Ал эми адамдын иденттүүлүгү тарбиядан, маданияттан, билимден, карманган диний ишениминен, жашаган чөйрөдөн, турмуштук тажрыйбалардан акырындык менен келип калыптанат. Эгерде адам окуучу кезинен мамлекеттин жараны экенине тарбияланып, элдин каада-салттарын, үрп-адаттарын, тарыхын, мыйзамдарын сыйлап, коомго аралашып кете алса анда анын жарандык иденттүүлүгү калыптанган болот.

КРнын Президентинин 2020-жыл 13-ноябрында ПЖ № 39 жарлыгы менен бекитилген “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы” кабыл алынгандан баштап “Кыргызстандан жараны” түшүнүгүнүн ордуна “Кыргыз жараны” түшүнүгү пайдаланыла баштады. “Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. “Кыргыз жараны” деген термин өлкөнүн аталышы болгон “Кыргыз Республикасы” деген аталыштан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат”[4].

Информатика предметинде мугалим окуучуларга бир эле компьютерди колдонуучу катары пайдаланууну, программа түзүү жана санариптик технология каражаттары менен иштөөнү гана үйрөтпөстөн, кыргыз ким экендигин, башка маданияттарды сыйлоону, коомдук акцияларга катышууну, жана башка социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө да үйрөтөт[7, 8]. Информатика предметинде окуучуларга бул багыттарда долбоордук иштерди, портфолиолорду даярдоо жана башка тапшырмаларды берүүгө болот. Ишти аткарууда программалык каражаттар, анын татаалдыгы классына, өтүлгөн темалардын алкагында тандалып, тандоодо окуучуларга эрк берилгени максатка ылайыктуу. Жогорудагы концепцияда белгиленген беш артыкчылыктуу багыттарды информатика предметинде кандай мисалдардын жардамында ишке ашырууга болоорун карап көрөлү.

1. Биринчи багыт “Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу” деп аталып, окуучуларга мекен менен болгон байланышты, өлкөнүн тарыхын, маданиятын, элдин каада-салттарын, үрп-адаттарын жана башка өзгөчөлүктөрдү түшүнүүгө жардам берүү. Мисалы, окуучуларга “Менин мекеним Кыргызстан!” аталыштагы санарип портфолио түзүү сунушталат. Окуучулар ишти аткарууда туулуп өскөн айылын же шаарын баяндап, ага тиешелүү маанилүү окуяларга, белгилүү инсандарга токтолуп, өзүнүн ой-чабатына жараша сүрөттөп, үй-бүлөлүк, аймактык каада-салттар боюнча жазышат. Аткарууда, презентациялоо үчүн PowerPoint сыяктуу жөнөкөй программаларды, Google Slides сыяктуу

пайдаланууга оңой онлайн платформаларды, тармакка жайгаштыруу үчүн Wix же WordPress сыяктуу акысыз веб-сайт түзүүчүлөрдү пайдаланса болот. . Ушул сыяктуу эле “Элдик баатырлар”, “Кыргызстандын жаратылышы”, “3000 жылдык тарыхы бар Ош шаарым” сыяктуу темаларды тандап алсак болот. Жыйынтыгында окуучулар санариптик технологияларды пайдалануу менен керектүү маалыматтарды чогултууну, аларды системалаштырууну, жасалгалоону аткаруу менен кошо өзүнүн өлкөсү, туулуп өскөн аймагы боюнча маалыматтарга ээ болуу менен анын өлкөнүн тарыхындагы ордун жана маанисин түшүнүшөт.

2. Экинчи багыты “Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо” деп аталып, окуучуларга Кыргызстандын маданиятынын бай жана көп кырдуулугун, өлкөдө каада-салттары, үрп-адаттары түрдүүчө болгон башка элдердин да мекени экендигин түшүндүрүү жана башка этностук топторду сыйлоого үйрөтүү. Мисалы, окуучуларга "Кыргызстандагы элдердин маданияттары" аталышындагы мультимедиялык долбоордук иш даярдоо тапшырма беребиз. Класстагы окуучулар топторго бөлүнүп, ар бир топ бирден этностук топтун ролун тандап алышат. Окуучулар тандап алган этностук топтун каада-салттарын, үрп-адаттарын, улуттук кийимдерин, улуттук тамактарын, майрамдарын, алардын Кыргызстандын өнүгүшүнө кошкон салымын интернеттен таап, алар боюнча маалымат топтошот. Алынган маалыматтарды презентация, видео, анимация түрүндө санариптик куралдарды пайдалануу менен презентациялашат. Анын натыйжасында окуучулар коммуникациялык көндүмдөрүн өнүктүрүү менен командада чогуу иштөө компетенттүүлүктөрү калыптанат, ар бир улут Кыргызстандын өнүгүшүнө жана маданиятынын байышына салым кошоорун түшүнүшөт. Ошол эле мезгилде информатика предметинде өтүлгөн материалдар үчүн бышыктоо ишке ашырылат.

3. Үчүнчү багыт “Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү” деп аталып, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүү жана аны өнүктүрүү, башка тилдерди билүүнүн артыкчылыктарын көрсөтүү, көп тилдүүлүктү сактоого жана өнүктүрүүгө салым кошуу. Информатика сабактарында окуучуларга программанын же веб-сайттын интерфейсин башка тилден кыргыз тилине которуу же эки тилде иштеген веб-сайт түзүү тапшырмасын беребиз. Бир эле мезгилде окуучулар HTML, CSS жана JavaScript сыяктуу тилдер менен иштөөнү үйрөнүп, бир тилден экинчи тилге котормону жана тилдердин өзгөчөлүктөрүнүн түшүнүшөт. Ошондой эле кыргыз тили жана адабияты, элдин тарыхы жана маданияты боюнча суроолор камтылган оюндарды, викториналарды Google Forms же Kahoot сыяктуу онлайн куралдарды колдонуу менен түзүү тапшырмасы окуучуларга кыргыз тилин тереңирээк билүүгө жардам берип, информатика боюнча көндүмдөрүн бышыктайт.

4. Төртүнчү багыт “Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү” деп аталып, окуучуларга өздөрүнүн коомдогу ордунун маанилүүлүгүн сезүүгө, өзүнүн ой-пикирин айтууга жана чечим кабыл алуу процессине катышуу менен коомго салым кошо алаарын түшүндүрүү. Информатика сабагында мугалим окуучуларга долбоордук иштердин темаларын тандоодо, мектепте уюштурулуучу иш-чаралардын же сабактардын форматын тандоо сыяктуу маселелерди добушка коюуну сунуш кылат. Мындан тандоолорду Google Forms, Mentimeter, Poll Everywhere, Kahoot сыяктуу каражаттарын колдоно алабыз. Жыйынтыгында окуучулар демократиялык процесстерди түшүнөт, өзүнүн жеке көз карашын билдирүү жана жамааттык чечимдерди кабыл алуу, ошондой эле заманбап санариптик куралдар менен иштөө тажрыйбасы калыптанат. Мындай тышкары окуучулар жөнөкөй веб-сайт же блог түзүп, ал аркылуу мектептин шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарын чагылдыра алат. Ал аркылуу окуучулар веб-сайт түзүүнү, маалыматты иштетүүнү, коомчулук менен иштешүүнү үйрөнүп, критикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт, командада иштөө менен коомдук процесстерин башкарууга катышууга даярдык катары кызмат кылат.

5. Бешинчи багыты “Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу” деп аталып, окуучуларды мамлекеттик органдардын аткарган

иштери менен тааныштыруу, алардын ачык-айкындуулугун көрсөтүү жана коомдогу саясий институттар боюнча туура пикир калыптандыруу үчүн маалыматтарды талдоону үйрөтүү. Окуучуларга мамлекеттик веб-сайттардан бюджеттик, статистикалык же мамлекеттик программалар боюнча маалыматтарды топтоп, жыйынтыгын диаграммаларда чагылдыруу менен презентациялоо таапшырмасын беребиз. Жыйынтыгында окуучулар маалыматтарды Excel сыяктуу колдонмо программаларды пайдалануу менен диаграммаларды, гистограммаларды түзүшөт, PowerPoint сыяктуу программаларды, Google Slides сыяктуу онлайн платформаларды пайдалануу менен презентациялашат. Натыйжада окуучулар аналитикалык жөндөмгө ээ болушат, статистикалык маалыматтар менен иштөөнү үйрөнүшөт, мамлекеттик органдардын иши менен таанышышат,  ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптерин түшүнүү.

**Корутунду.** Демек информатика предметин компьютерде иштөөнү гана үйрөтөт деген түшүнүктө жүргөн болсок жаңылышабыз. Биз бул макалада информатиканы окутуудагы предмет аралык байланышты жана информатиканы окутуу менен деле коомдук илимдер арыкылуу калыптандыруу сунушталган окуучулардын “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүктөрүн калыптандырууну ишке ашырууга болоорун көрсөттүк. Сабакта окуучуларга тапшырмаларды туура тандап берүү менен алардын “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүктөрүн калыптандырууга болот.

## Пайдаланылган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. Бишкек – 2025.
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн “АДАМ ЖАНА КООМ” предмети боюнча предметтик стандарт. Бишкек – 2022.
3. КР жалпы билим берүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн «ИНФОРМАТИКА» предметинин предметтик стандарты. Бишкек – 2023.
4. "2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы" // "Эркин тоо" гезити. - Б., "Эркин тоо" 2020-ж., №98 (3170) 4-5-беттер.
5. Фреде де Э. Культура, цивилизация и идентичность // Полис. 2012. № 5. С. 17–23.
6. Арынбаев, Э. К. Информатика предмети аркылуу Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруу маселеси / Э. К. Арынбаев, К. Т. Турдубаева // Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. – 2023. – No. 1(27). – P. 47-51.
7. Арынбаев, Э. К. Информатика мугалимдеринин ийкемдүүлүк компетенттүүлүгү / Э. К. Арынбаев // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 1(21). – P. 38-41. – DOI 10.56122/..v1i1.54. – EDN ZKZRLH.
8. Жолболдуева, С.С. Важность ИКТ-компетентности в современных школах / С. С. Жолболдуева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – № 1(21). – С. 30-34. – DOI 10.56122/..v1i1.66. – EDN TEMVTP.